калыптанышынын азыркы этабында мезгилдүү басма сөз булактары өзгөчө мааниге ээ. Анткени алар өзүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу окуу процессинде пайдаланылган учурда студенттердин, болочок журналисттердин кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө түздөн-түз салым кошот.

Демек, жаңы социалдык-экономикалык шарттардын интенсивдүү өнүгүшү болочок журналисттерди даярдоо процессинде студенттердин кесиптик жактан маанилүү билимдерин жана компетенцияларын үзгүлтүксүз жаңыртып турууга болгон муктаждыгын калыптандырууну талап кылат. Жогорку билим берүү системасында кесиптик компетенцияларды өнүктүрүүнүн негизги каражаттарынын бири катары мезгилдүү басылмаларды пайдалануу зарыл. Анткени азыркы шартта жаш муундардын билимин жана кесиптик жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө, ошондой эле аларды тарбиялоодо басма сөз маанилүү роль ойнойт.

Колдонулган адабияттар

1. Абдрахманов Т. А., Ногаев М. А. Компетентностный подход в современном образовании: учебное пособие. – Бишкек, 2011. – 114 с.
2. Концепция модернизации российского образования на период до 2010 г. // Модернизация российского образования: документы и материалы. – М.: Изд-во ВШЭ, 2002. – С. 263–282.
3. Сенашенко В. С., Кузнецова В. А., Кузнецов В. С. О компетенциях, квалификации и компетентности // Высшее образование в России. – 2010. – № 6. – С. 18–23.
4. Сыдыкбаева М. М. Кыргыз тилин ЖОЖдордо экинчи тил катары окутуунун лингводидактикалык негиздери: монография. – Бишкек, 2016. – 238 б.
5. Тулупов В. Как учить журналистике: о специфике профессионального образования // Журналистика и медиарынок. – 2007. – № 4.
6. World Journalism Education Council (WJEC). Declaration of Principles of Journalism Education [Электрондук ресурс]. – World Journalism Education Congress, Singapore, June 2007. – URL: wjec.info/declaration-of-principles

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Сыдыкбаева М.М.

УДК 82-1/-9(575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-193-198

Ногойбаева К.А.
К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети
Ногойбаева К.А.
Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева
Nogoybaeva K.A.
Bishkek State University named after K. Karasaev

РОЗА КАРАГУЛОВАНЫН ЫР ДҮЙНӨСҮНҮН ТАБИЯТЫ
ПРИРОДА ПОЭТИЧЕСКОГО МИРА РОЗЫ КАРАГУЛОВОЙ
THE NATURE OF ROZA KARAGULOVA'S POETIC WORLD

Кыскача мүнөздөмө: Макалада кыргыз поэзиясындагы «кыздар поэзиясынын» көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Роза Карагулованын акындык чыгармачылыгы жана поэтикалык дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрү талдоого алынат. Акындын ырларында аялзатынын назик табияты, руханий дүйнөсү, ыймандык жана адептүүлүк сыяктуу улуттук баалуулуктар, ошондой эле коомдук өзгөрүүлөр, жашоонун мааниси жана адамдык нарк маселелери көркөм чагылдырылганы белгиленет. Роза

Карагулованын «Кыз дүйнөсү», «Көл тынышы», «Жолдо», «Тынчы жок талаа», «Капчыгай» ыр жыйнактарынын идеялык-көркөмдүк табиятына, образдуулугуна, тематикалык жана философиялык мазмунуна көңүл бурулат. Акындын поэтикалык дүйнөсү адабиятчы-окумуштуулардын сын-пикирлерине таянуу менен каралып, анын кыргыз поэзиясына жаңы поэтикалык үн, өзгөчө сезимталдык жана көркөм туюнтуу алып келгендиги көрсөтүлөт. Роза Карагулованын чыгармалары лирикалык тереңдиги, көркөм образдуулугу жана мазмундук көп катмардуулугу менен кыргыз поэзиясынын өнүгүшүнө салым кошкону жыйынтыкталат.

Аннотация: В статье анализируются поэтическое творчество и особенности художественного мира Розы Карагуловой — одной из ярких представительниц «женской поэзии» в кыргызской литературе. Отмечается, что в стихотворениях поэтессы художественно отражены тонкость женской натуры, духовный мир, такие национальные ценности, как нравственность и моральные устои, а также общественные изменения, смысл жизни и человеческое достоинство. Особое внимание уделяется идейно-художественной природе, образности, тематическому и философскому содержанию поэтических сборников «Кыз дүйнөсү», «Көл тынышы», «Жолдо», «Тынчы жок талаа», «Капчыгай». Поэтический мир Розы Карагуловой рассматривается с опорой на оценки и суждения литературоведов. Подчеркивается, что поэтесса привнесла в кыргызскую поэзию новое поэтическое звучание, особую эмоциональную восприимчивость и своеобразие художественного выражения. Делается вывод о том, что произведения Розы Карагуловой благодаря лирической глубине, художественной образности и многослойности содержания внесли значительный вклад в развитие кыргызской поэзии.

Abstract: The article analyzes the poetic works and distinctive features of the artistic world of Roza Karagulova, one of the prominent representatives of women’s poetry in Kyrgyz literature. It is noted that her poems artistically reflect the delicate nature and spiritual world of women, national values such as morality and ethical principles, as well as social changes, the meaning of life, and human dignity. Particular attention is paid to the ideological and artistic nature, imagery, thematic diversity, and philosophical content of her poetry collections Kyz Duinosu, Kol Tynyshy, Zholdo, Tynchy Zhok Talaa, and Kapchygai. Roza Karagulova’s poetic world is examined with reference to the critical assessments and views of literary scholars. The article emphasizes that the poet introduced a new poetic voice, distinctive emotional sensitivity, and original forms of artistic expression into Kyrgyz poetry. It concludes that Roza Karagulova’s works, characterized by lyrical depth, artistic imagery, and multilayered content, have made a significant contribution to the development of Kyrgyz poetry.

Негизги сөздөр: Роза Карагулова; кыргыз поэзиясы; кыздар поэзиясы; поэтикалык дүйнө; лирикалык каарман; көркөм образ; медитативдик лирика; көркөм туюнтуу.

Ключевые слова: Роза Карагулова; кыргызская поэзия; женская поэзия; поэтический мир; лирический герой; художественный образ; медитативная лирика; художественное выражение.

Keywords: Roza Karagulova; kyrgyz poetry; women’s poetry; poetic world; lyrical persona; artistic image; meditative lyrics; artistic expression.

Роза Карагулова – поэзияга өз үнү, өз образы менен келген акындардын бири. Анын чыгармаларында ички сезимдин тереңдиги, адамдын руханий дүйнөсү, аялдын тагдыры, жаратылыштын сулуулугу жана турмуш философиясы кеңири чагылдырылат.

Акындын поэтикалык табиятынын негизги өзгөчөлүгү – сезим менен ойдун айкалышы. Анын ырларынын ар бир сабында лирикалык каарман менен акындын ички дүйнөсү бир бүтүндүктө көрүнөт. Р. Карагулова жыл мезгилдерин, гүлдөрдү, талааларды, шамалды, күндү, жамгырды адамдын ички абалы менен байланышта сүрөттөйт. Мисалы, анын ырларында жамгыр – кайгынын, шамал – эркиндиктин, күн – үмүттүн символу катары тартууланат.

Акын өз ойлорун, ички сырларын окурманга күүгө салып, төгүлүп айтып бергендей таасир калтырат. Бир караганда, алардын баары эле бизге тааныш көрүнүштөр. Бирок алар акындын поэтикалык фантазиясында кайра жаралып, жаңы түс, жаңы өң алып, окурмандын жан дүйнөсүнө

таасир этип, сезимин козгойт. Акындын тили жөнөкөй, бирок терең мааниге ээ. Ошондой эле анын поэзиясында аялдын руханий дүйнөсү, сүйүү, үмүт сыяктуу темалар өзөктүү орунду ээлейт.

Р. Карагулова поэтикалык дүйнөсүн жаратууда сырткы көрүнүштөрдөн адамдын ички дүйнөсүнө өтүп, анын жан дүйнөсүн туюндуруу аркылуу философиялык ой жарата алат. Ошондуктан акындын поэзиясы окурманды терең ой жүгүртүүгө, сезимдерин ойготууга түрткү берет:

«Делбе өңдөнүп келет чуркагым,
Достук, сүйүү өткөн жол менен», —

деп улуттук поэзияга келген Р. Карагулованын «Кыз дүйнөсү» аттуу алгачкы ыр жыйнагы 1975-жылы жарык көргөн.

Акындын поэтикалык дүйнөсүндө бардыгы бар: мезгил бар, жамгыр бар, таш бар, дүйнө бар, өткөн бар, өчкөн бар, жеткен бар, жетпеген бар, кыйроо бар, ыйлоо бар, эртеңи бар, акындын «Мени» бар. Ушул көрүнүштөрдүн ар бири акындын көркөм дүйнөсүндө өзгөчө мааниге ээ болуп, анын ички толгонуулары менен айкалышат. Акын алар аркылуу өзүнүн ойлорун, сырларын окурманга күүгө салып, төгүлүп айтып бергендей таасир калтырат. Бир караганда, алардын бардыгы эле бизге тааныш нерселер. Бирок алар акындын поэтикалык фантазиясында кайра жаралып, жаңы түс, жаңы өң алып, окурмандын жан дүйнөсүнө таасир этип, анын сезимин козгойт.

Орус адабият таануучусу Л. Я. Гинзбург: «...XX кылымдын башындагы орус поэзиясында күчөтүлгөн ассоциативдүүлүк метафоралык да, метафоралык эмес да формада көрүнөт. Метафоранын негизинде жаткан алгачкы салыштыруу трансформацияланып, кыйла карама-каршылыктуу, ажырымдуу, көп баскычтуу салыштырууга айланат. Ошону менен бирге суггестивдүүлүктүн башка түрү да пайда болот: метафора аркылуу байланышпаган көрүнүштөр биригип, өз алдынчалыгын сактоо менен, өз ара айкалышында жаңы, атала элек маанини жаратат. Буга А. А. Ахматованын ыкмасы мисал боло алат. Өзүнүн «Тынч ырлар» аттуу ыр жыйнагына жазылып бүтпөй калган кириш сөзүндө ал: “Жаңы поэзиянын индивидуализмин Байрондун лирикасынан, романтизмди эготизмден чексиз туңгуюк бөлүп турат, жаңы поэзиядагы *мен* – бул азыр аны түшүнгүсү келбеген бүтүндөй дүйнөгө өзүн каршы койгон мурдагы *мен* эмес...” – деп жазган» [1, 112-б.].

Кыргыз поэзиясына акын Роза Карагулова өзгөчө көркөм ой жүгүртүүсү, поэтикалык дүйнөсү жана жаңы чыгармачылык деми менен келгендиги талашсыз.

«...Бул – ал жылдары күчтүү өнүккөн кыргыз аялдар поэзиясы...» [2, 256-б.], – деп мүнөздөйт адабиятчы К. Артыкбаев. Ушуга үндөш пикирди кыргыз поэзиясын терең изилдеген адабиятчы, сынчы О. Ибраимов да билдирет: «Кыргыз поэзиясы жетимишинчи жылдарда да бир өзгөчөлүк менен көзгө түшөт, ал – кыздар поэзиясы» [3, 15-б.]. Бул пикирлер кыргыз совет адабиятынын алкагында «кыздар поэзиясы» же «аялдар поэзиясы» деген түшүнүктүн кеңири орун алгандыгын көрсөтөт.

Сен да жаздын жүрөгүнө,
Чөгүп кетип бараттың.
Делбе болгон ойлор ыйы,
Жүрөгүмдө тебелеп,
Мен шибердин толкунунда,
Сыздоо болуп дирилдеп.
Мерездиктин карегине
Тепчилдиби үндөрүм.
Менден алыс бир мээримдин,
Жаңырткансып жараатын.
Калтыроого эрип барат,
Көрүнбөгөн канатым.

Р. Карагулованын «Көл тынышы» ырлар жыйнагына О. Ибраимов 1985-жылы жарыяланган «Делбе болгон ойлор же сөз алхимиясы» аттуу макаласында сын көз карашын билдирип, мындай деп жазган: «...Талаш жок, XX кылымдын поэзиясы көркөм туюнтуу жагынан радикал өзгөрүүлөргө дуушар болгон, эң эле күтүлбөгөн ассоциацияларга каныккан метафоралар поэзиясы, бирок анын

мыкты үлгүлөрү предметсиздикке, бейжай экиленүүгө, “элирүүгө”, делбеликке, арзан эффектке, жасалма образдык туюктарга каршы турган олуттуу, таасирдүү искусство го. Р. Карагулованын акындык табиятына жердигинен музыкалуулук, кандайдыр үлбүрөгөн назиктик, абадай жеңилдик мүнөздүү. “Баарынан мурун музыкалуулук болсун”, – деп бир кезде Поль Верлен ураан таштагандай, Карагулова да предметтерден, сезим түрмөктөрүнөн кандайдыр шоодураган дабыш угууга, аларды не бир боек айкалышында көрүүгө, хрусталдай шыңгырлык, морттук берүүгө умтулганы, аларды туюнтуу үчүн адекваттуу салыштырууларды табууга аракеттенгендиги, кайталап айтабыз, эң сонун касиет» [4, 24-б.].

Ошол эле макалада О. Ибраимов акындын айрым көркөм изденүүлөрүнө карата сын пикирин андан ары тереңдетип: «...Азыркы учурда эч ким алхимия менен алек болбосо керек, бирок поэзияда дале болсо бар көрүнбөйбү, тууралаак айтканда, эми көз жарып, эми канат-бутагын жайып келаткан окшобойбу... Бирок ошондой болгон күндө да мынабуну эстен чыгарбоо керек го: колго урунган, көзгө көрүнгөн, туйгуңа жеткен нерселерди, заттарды аралаштыруу, чалмакей чалуу (б. а. алхимик болуу) менен ар кыл коошпогон түшүнүктөрдү, не бир кармалбас, көрүнбөс, угулбас, сезилбес, үнсүз, жытсыз, тулкусуз, б. а., жок нерселерди поэзиянын кырк кулактуу казанына салып, боркулдатып кайната берүүнүн айырмасы өтө чоң», – деп катуу сынга алган [4, 26-б.].

Поэзияга жана анын авторуна карата айтылган ар түрдүү дооматтар, айрым учурларда аша чапкан сын-пикирлер акындын көңүлүнө бүлүк салганы менен, анын ээлеген позициясын жана карманган чыгармачылык ишенимин өзгөртө алган жок. Адабияттагы мындай жаңы изденүүлөрдүн жаралышы жана өнүгүшү белгилүү бир доордун көркөм-эстетикалык талаптары менен да байланыштуу. Бул тууралуу адабиятчы Д. Асакеева: «...Жанрдын өнүгүшү доордун мыйзам ченемине да байланыштуу, маселен, кээ бир дооорлордун темирдей тартибинде жанрдык өзгөрүш анын чегинен чыга албайт, мисалы, классицизм реализми учурунда жанр багыттын тартибине баш ийип, эч кандай чектен чыга албаса, кээ биринде, тескерисинче, гүлдөп-өсөт, мисалы, реализмдин учурунда жанрдык чек кеңип, ар тараптуу өсүшкө ээ болгон», – дейт [5, 44-б.].

Демек, адабий жанрлардын пайда болушу, калыптанышы жана өнүгүшү улуттук адабияттын тарыхый өнүгүү процесси үчүн өзгөчө мааниге ээ. Поэзиядагы жаңылануу да көркөм ой жүгүртүүнүн, адамдын ички дүйнөсүн туюнтуунун жана сүрөттөө каражаттарынын өзгөрүшү менен коштолот. Адабиятчы-сынчы А. Эркебаев бул тууралуу: «...Поэзиябызда жүрүп жаткан мындай кубулуштар эртедир-кечтир жаңычылыкка алып барарына ишенем. Кандай гана болбосун, поэзия азыр жаңы этапты башынан кечирүүдө. Ал эми “поэзия канткенде жаңыланат?” деген суроого ар ким ар башка жооп берип келген: адамдын психологиясына тереңдөө, доорду философиялык жактан аңдап-билүү, салтка айланган канондордон бошонуу, сүрөттөө-туюнтуу каражаттарын өркүндөтүү – ушунун баары керек» [6, 89-б.], – деп жазат.

Сынчы-адабиятчы О. Ибраимов өзүнүн кийинки изилдөөлөрүндө Р. Карагулова өкүлдөрүнүн бири болгон 70-жылдардагы аялдар поэзиясына кайрадан кайрылып, ага адабий процесстеги жаңы көрүнүш катары баа берет. Ал мындай деп жазат: «...70-жылдардын аялдар поэтикалык импрессионизми – бул аныгында, бүтүндөй кыргыз поэзиясындагы жаңы сөз экендигин моюнга алып, өзгөчө, медитативдик лирика деп аталган контекстинде дагы бир жетишкендиги деп эсептөөгө негиз бар. Бул адабияттагы жаңы көрүнүш, башкача айтканда, поэтикалык постимпрессионизм, кийинчерээк, 80-жылдарда, өзүнчө жаңы агымга айланып, анын социалдык жана психологиялык тамыры ошол учурдагы жалпы советтик коомчулуктагы канааттанбагандыктын кризистик абалына жооп берип турган, акыр аягында жалпы Кайра курууга, кийинчерээк Советтер Союзунун кулап калышына алып келген “сенек мезгилдин” жалпы тумчуктурган атмосферасынан, элдин жалпы маанайынын чөгүү абалынан кабар берип турат:

Кетти, келбейт, эшигимди бекитем.
Кечем жалгыз калган кечтин жарымын.
Отурам да, ойлойм жаштык өткөнүн
Болот эми кызыгы жок кечтерим.

Кетти, келбейт, эшигимди бекитем.

Эң акыркы коногумду узаттым,

Эңгиреген аңыз боюн күзөттүм...

– деген Р. Карагулованын бул импрессионизмге мүнөздүү ырында бийик-патетикалык романтизмден, 60-жылдардын ядердик-космикалык шаңданган пафосунан нымым да калбаган, азыр эми мында башка сезимдер, башка мотив, анын ичинде эң туруктуусу – жалгыздык, кандайдыр бир алсыроо, белгисиз кайгы-капаны күтүү, бардык саптарында түнтүк жана ички түйшүктөнүү алдыга чыгып турат» [7, 235-б.].

Акын лирикалык каармандын башынан кечирген азаптарын муңайым ыргак менен кынаптап берет. Анын салыштыруулары жашоонун өзүндөй миң катмарлуу, ошол эле учурда жөнөкөй. Сезимди тымызын тызылдаткан, ички дүйнөңдү бүлүнтүп, санаага чөктүргөн, ойго батырган муңдуу ырлар анын поэзиясынын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири сыяктанат. Өткөн өмүргө өкүнүү, өзүн жубатууга умтулуу, эңсөө сыяктуу сезимдер ыр саптарынан сызылып чыгып, жүрөккө агылып киргендей таасир калтырат.

Ошентип, жогоруда айтылган пикирлерден көрүнүп тургандай, «кыздар поэзиясы» өзүнчө поэтикалык көрүнүш катары баралына келип, кийинки мезгилдеги поэзияны жаңы образдар жана боёктор менен байытты. Ал поэзиябыздын жалпы казынасына жаңы идеялык-эстетикалык мазмун кошуп, анын мазмундук жана маанилик чектерин кыйла кеңейтүү менен өнүгүүнүн жаңы баскычына көтөрүлүшүнө өбөлгө түзгөнүн байкоого болот.

Чыгармачылык изденүү – тынымсыз процесс. Анын айрым элементтери эскирип, колдонуудан чыгып жатса, башкалары жаңыдан пайда болуп, калыптанып отурат. Изденүүнүн али толук аныктала элек тигил же бул өзгөчөлүктөрү жөнүндө алдын ала так кесе айтуу опурталдуу болор эле. Поэзиядагы изденүү – биринчи кезекте акындын өзүн таанып-билүүсү, өзүндөгү чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрдү кен казгандай тереңден таап, жарыкка алып чыгуусу. Акындын «Жолдо» жана «Тынчы жок талаадагы» чыгармаларындагы өзгөчө поэтикалык добуш, кайталангыс образдар жана алардын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү Р. Карагулованын өзүнө таандык чыгармачылык жүзүн айгинелейт. «Капчыгай» китебинин адабий чөйрөдө жакшы кабыл алынышы да акындын чыгармачылык жактан өсүп, жаңы бийиктикке көтөрүлгөнүн көрсөтөт.

Акындын «Улуулардан жуккан сөз» аттуу циклиндеги ыр саптарында учу-кыйыры жоктой сезилген түбөлүктүү ойлор камтылган. Бул чыгармалардан акындын чыгармачылык дараметин, ой жүгүртүүсүнүн тереңдигин жана талантынын күчүн көрүүгө болот:

Жүгүрөмүн таңдын көңүлүндө,

Жүрөгүмдө уктап түнү-күн.

Жыргап оонайт эрке ойлорум,

Жылдыз гүлдүү жайдын түнүнө...

Мээлүүн тазалыктан түңүлбө,

Менден алыс болчу күнүңдө... [8, 19-б.]

Бул ыр саптары акындын көркөм дүйнөсүнө терең үңүлүп, андагы ой менен сезимдин айкалышын талдоого жол ачат. «Таңдын көңүлү», «эрке ойлор», «жылдыз гүлдүү жайдын түнү», «мээлүүн тазалык» сыяктуу поэтикалык туюнтмалар аркылуу лирикалык каармандын ички дүйнөсү образдуу берилет. Мында поэзиянын идеялык мазмуну менен көркөмдүгү, ойду туюнтуунун тереңдиги жана чыгармачылык максатты жеткирүү чеберчилиги өз ара айкалышат. Мындай көркөм дүйнөнүн жаралышында акындын дүйнө таанымы, ички ишеними жана чыгармачылык принциптери чечүүчү роль ойнойт.

Дүйнөнү көркөм кабылдоонун мындай жаңы көрүнүштөрүндө предметти, көрүнүштү жана кубулушту адаттагыдан башкача кабылдоо, аларга жаңыча көз караш менен кароо жана туюу аракети байкалат. Мындай көркөм изденүүлөрдө жаңыча ой жүгүртүү ырдын бүтүндөй тулкусуна сиңип, анын мазмунун жаңы образдар, жаңы боёктор аркылуу ачууга өбөлгө түзөт.

Ошол мезгилдеги адабий процессти сынчы-адабиятчы А. Эркебаев «Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы» аттуу макаласында: «1970-жылдардагы жаш поэзиябыздагы жагымдуу жышаандардын бири — анда талант даражасы, профессионалдык тажрыйбасы жагынан айырмаланышкан акын кыздардын өзүнчө бир тобунун пайда болгондугу. Мен бу жерде, албетте, алды эки-үч китеп чыгарган, арты ырларын альманахтарда жарыялап жүргөн акын кыздардын төмөнкү тобун айтып жатам: С. Акматбекова, Р. Мукашева, Р. Карагулова, А. Дегенбаева, А. Тыналиева, Ш. Келдибекова, М. Мамазаирова, Т. Закирова, А. Узакова, Д. Жамансартова, А. Чойбекова, Ү. Маматова ж. б. Менимче, жалпы эле ушул топ жана анын айрым өкүлдөрү жөнүндө конкреттүү сөз козгоого убакыт жетти», – деп белгилеген [6, 126–127-бб.].

«Аялдар поэзиясындагы» 1970–1980-жылдардагы медитативдик поэзияга мүнөздүү муңайымдык жана көңүл чөгөттүк мотивдери өлкө эгемендүүлүк алган жылдары да өз өнүгүүсүн уланткан. Аялдар поэзиясындагы мындай көркөм-эстетикалык изденүүлөрдү кеңири адабий контекстте кароодо орус поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрү Анна Ахматова, Марина Цветаева, Белла Ахмадулинанын чыгармачылыгын да эске алууга болот.

Р. Карагулованын поэтикалык дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн адабиятчы А. Эгембердиева мындайча белгилейт: «Айрым акындарга таасирленсе болот, бирок канчалык сүйүп турсаң да Р. Карагулованыкындай ырды жазам деш болбогон убакерчилик. Анткени акындыкындай жазыш үчүн аныкындай настроение, маанай, сезүү, туюу, кабылдоо зарыл, б. а., айтканда, акын өзү бир кезде катуу сын уккандагыдай, кармалбасты кармоо, туйбасты тыюу, сезилбести сезүү сыяктуу өзгөчө касиет-жөндөм, сезгичтик зарыл», – дейт [9, 36-б.].

Сөзүбүздү жыйынтыктасак, Р. Карагулованын поэтикалык табиятына лирикалык назиктик, руханий тереңдик жана сөздүн көркөм күчүнө болгон ишеним мүнөздүү. Акындын ырлары кыргыз поэзиясында өзүнө таандык сезимталдыгы, көркөм ой жүгүртүүсү жана улуттук руху менен айырмаланат. Анын поэзиясында адамдын ички дүйнөсүн терең туюнтуу, сезим менен ойду айкалыштыруу, турмуштук көрүнүштөрдү өзгөчө көркөм кабылдоо сыяктуу белгилер даана байкалат. Р. Карагулованын өзүнө таандык чыгармачылык стили, поэтикалык дүйнөсү жана көркөм ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрү мындан ары да атайын илимий изилдөөлөрдү талап кылган актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Гинзбург Л. О лирике. – 2-е изд. – Ленинград : Советский писатель, 1974.
2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004.
3. Ибраимов О. Көз караш. – Фрунзе : Кыргызстан, 1985.
4. Ибраимов О. Делбе болгон ойлор же сөз алхимиясы // Көз караш. – Фрунзе, 1985.
5. Асакеева Д. Адабият теориясы: окуу куралы. – Бишкек, 2013.
6. Эркебаев А. Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы. – Фрунзе : Кыргызстан, 1980.
7. Ибраимов О. XX к. кыргыз адабиятынын тарыхы жана поэзиясы. – Бишкек, 2013.
8. Карагулова Р. Кыз дүйнөсү. – Фрунзе, 1991.
9. Эгембердиева А. Кыргыз аялдар поэзиясы: көркөм табияты, тарыхый өнүгүшү, идеялык-стилдик өзгөчөлүктөрү. – Бишкек, 2010.

Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессор Искендерова С.И.